**«Көңүлдү гүл кылып багалы»**

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Сапар уулу Өктөм

Адамдар жашоого ашыгат,
Саат санап өмүргө шашылат.
Ан сайын убакыт утуп,
Байкабайт жатканын жаш улап,
Кайрылбай кеткенин жаш курак.

Адамдар жакшыга сүйүнөт,
Кайгырып жаманга күйүнөт.
Сездирбей өмүрдүн өткөн,
Турмуштун түйшүгү үйүлөт.
Бактылуу болууга жүгүрөт.

Түркүгү болчудай дүйнөнүн,
Баалабайт тирүүлүк күндөрүн.
Бир күнү өкүнөт, бекер
Өмүрдү өткөрүп жүргөнүн,
Максатсыз өмүрдү сүргөнүн.

Тирүүлүк бул бакыт баалайлы,
Аруулук тартуулайт таалайды.
Өмүрдүн баркына жетип,
Жандүйнө байлыгын самайлы.
Турмуштун сабагын алалы,
Өмүрдө сыйлашып калалы.
Адамдык сапатты сактап,

Көңүлдү гүл кылып багалы.